КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

6.02.24 № 30/6

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Мамлекеттик аттестациялоо**
**комиссияларынын төрагаларын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 4-июлундагы №470 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүнүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы жөнүндөгү» жобосуна ылайык жана Т. Кулатов атындагы Кызыл-Кыя тоо-техникалык инновация жана экономика колледжинин 2024-жылдын 19-январындагы № 3 сунушунун негизинде **буйрук кылам:**

I. Т. Кулатов атындагы Кызыл-Кыя тоо-техникалык инновация жана экономика колледжинин сырттан окуу бөлүмүнүн бүтүрүүчүлөрүн аттестациялоо үчүн 2024-жылга төмөнкү мамлекеттик аттестациялоо комиссияларынын төрагалары бекитилсин.

**Кыргыз тили жана адабияты, Кыргызстандын географиясы, Кыргызстан тарыхы**

Куйчиев Асадулло Сулаймановичти – техника илимдеринин кандидаты, Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин "Табигый илимдер" кафедрасынын башчысы;

**130301 "Пайдалуу казылмалар кендерин геологиялык сүрөткө тартуу, издөө жана чалгындоо"**

Акматов Акылбек Мамажанович – "Кыргызгеология" мамлекеттик ишканасынын башчысы;

**130305 "Мунай жана газ кендерин иштеп чыгуу жана эксплуатациялоо"**

Калматов Азамат Рахматжанович – "Калматов плюс" жоопкерчилиги чектелген коомдун башчысы;

**130403 "Ачык тоо-кен иштери"**

Жумабаев Акыл Камардинович – "Кызыл Кыя көмүр" ачык акционердик коомунун, "Абшыр" разрезинин башкы инженери;

**130404 "Пайдалуу казылмалар кендерин жер астында иштетүү"**

Сыдыков Махамат Абдыкалыкович – "Түштүк Кызыл-Кыя цемент" жабык акционердик коомунун техниклаык коопсуздук бөлүмүнүн инженери;

**140212 "Электр менен камсыздоо"**

Бурханов Мирлан Эркинович – "Баткен чоң чыналуу электр тармактары" ишканасынын бөлүм башчысы;

**140613 "Электр жана электр-механикалык жабдууларды техникалык эксплуатациялоо жана тейлөө"**

Ахунжанов Курманбек Узакович - "Кызыл Кыя электр-тармактары" ишканасынын диспетчердик кызматынын башчысы;

**190604 "Автомобиль транспортун техникалык тейлөө жана оңдоо"**

Насыров Мыктыбек Тургунбаевич – Баткен мамлекеттик университетинин окуу-практикалык, лаборатория бөлүмүнүн директору, т.и.к. доцент;

**230108 "Компьютердик системалар жана комплекстер"**

**230109 "Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо"**

Бердыбаев Абдысалам Калдарович – Баткен мамлекеттик университетинин М.Тайиров атындагы Кызыл-Кыя гуманитардык педагогикалык институтунун табият таануу жана дене тарбия факультетинин "Табигый-математикалык" билим берүү кафедрасынын ага окутуучусу;

**270103 "Имараттарды жана курулмаларды куруу жана эксплуатациялоо"**

Ботояров Мамасадык Абдугуламович – "Золотой квадрат" курулуш компаниясынын директору;

**050503 "Технология"**

**260903 "Тигүү буюмдарын конструкциялоо, моделдештирүү жана технологиясы"**

Молдокулова Элина Ашымбековна – Ош мамлекеттик университетинин алдындагы индустриалдык педагогикалык колледжинин окутуучусу;

**080110 "Экономика жана бухгалтердик эсеп"**

**080108 "Банк иши"**

**080501 "Менеджмент"**

Шамшиев Кубанычбек Торобекович – "Оптима Банк" ачык акционердик коомунун Кызыл-Кыя филиалынын директорунун орун басары;

**110305 "Айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн жана кайра иштетүүнүн технологиясы "**

Мадазимов Сардор Аббосжонович – "Интер-Фру" Ачык акционердик коомунун башкы директору.

II. Билим берүү уюмунун жетекчилиги жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясы аяктагандан кийин эки айдын ичинде Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине ишбаян беришсин.

**Министрдин орун басары** **Абазбек уулу Расул**